Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин Алгебра жана геометрия кафедрасынын 2017-жылдын 10-февраль күнү өткөрүлгөн №5 чогулушунун токтомунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

**Катышкандар:** алгебра жана геометрия кафедрасынын мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ

5. **Ар түрдүү маселелер.** 510100 “Математика” магистрдик багытынын негизги билим берүү программасын (НББП) жана окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү.

Угулду: Матиева Г. – кафедра башчысы, программа жетекчиси.

- 2017-18-окуу жылы үчүн окуу планына өзгөртүүлөр киргизилди. ОшМУнун магистратура жана Pd докторантура бөлүмү тарабынан берилген көрсөтмө боюнча магистрлердин илимий-изилдөө, өндүрүштүк, илимий-педагогикалык практикаларга 9 кредит 10 кредит менен, магистрдик диссертацияны даярдоого 12 кредити 10 кредит менен алмаштырылды. Ошондой эле 1-семестрдеги тандоо курсу (КПВ-1) 3-семестрге, 2-семестрдеги тандоо курсу (КПВ-2) 4-семестрге; жылдын 2-семестринде окулуучу дисциплинасы “Методология и техника научных исследований” окуу жылдын 1-семестрине жылдырылды.

Окуу пландын профессионалдык циклинин базалык бөлүгүндөгү “Топология жана геометриянын тандалган маселелери” дисциплинасын мындан кеңирирээк мазмунду камтый турган “Үч ченемдүү евклиддик мейкиндиктеги сызыктар жана беттер” дисциплина менен алмаштыруу максатка ылайыктуу болуп турат, сиздерде кандай пикир бар? Жаңы окуу жылына окуу планына өзгөртүү кийирүү менен кайрадан бекитип жатабыз. Дагы кандай дисциплиналарды сунуштайсыздар.

Алымкулов К. – КР УИАнын мүчө-корреспонденти, КР илимине эмгек сиңирген ишмер, ф.-м.и.д., профессор: магистранттар илимий-изилдөө практикасынан өтүшөт, илимий иштин – магистрдик диссертациянын үстүнөн иштеп жатышат, ошого байланыштуу “Илимий-изилдөө иштеринин негиздери” жана “Вектордук жана тензордук анализдин негиздери” дициплиналарын кийирүү керек деп эсептейм.

Борбоева Г.М. – ф.-м.и.к., кафедранын доценти: профессионалдык циклдйн вариативдик бөлүгүндөгү эки дисциплинаны “Өзгөртүп түзүүлөрдүн геометриясы жана матрицасы” жана “Дифференциалдык геометриянын жана топологиянын негиздери” дисциплиналары менен алмаштыруу жакшы болмок, себеби бул предметтер бакалаврга чейин “Математика” адистигинде окутулуп келүүчү негизги предметтердин бири болчу. Ошондуктан ушул предметтерди кийирсек, математиканын магистрин даярдоодо маанилүү деп эсептейм.

Матиева Г. – чогулуштун төрайымы: Урматтуу кесиптештер сиздердин сунушунуздар абдан маанилүү болду. Сиздердин сунушунуздарды эске алып, окуу пландын профессионалдык циклинин базалык бөлүгүнө төмөндөгүдөй өзгөртүү кийирели:

| 2014-2015-окуу жылында бекитилген окуу планы | Кредити | 2017-2018-окуу жылы үчүн бекитиле турган окуу планы | Кредити |
|---|---|---|---|
| Профессионалдык цикл (базалык бөлүк) | | | |